**Ош мамлекеттик университетинин**

**Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин**

**Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн**

**2026-жылдын 13-февралында өткөрүлгөн кезектеги**

**Кеңешинин отуруму**

**№ 5 ПРОТОКОЛУ**

**Кеңешменин төрагасы**: ф-м.и.к., доцент Максатбек.О. О

**Кеңешменин катчысы**: Режевали к Атыргүл

**Катышкандар**: 8

**Келбегендер**: 1

**Күн тартибиндеги маселелер:**

1. Кышкы сессиянын жыйынтыгын талкуулоо жана алдыдагы милдеттер.
2. 2025-2026- окуу жылынын 1-жарым жылдыгы үчүн бөлүмдүн окутуучуларынын отчетторун талкуулоо
3. Ар түрдүү маселелер

**1. Кышкы сессиянын жыйынтыгын талкуулоо жана алдыдагы милдеттер.**

**Угулду:** Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек .О – Урматтуу кеңешменин катышуучулары! Биздин ,алгачкы каралуучу маселе кышкы сессиянын жыйынтыгын талкулоо жана алдыдагы биз аткарчу милдеттер.

**Сөзгө чыкты: окутуучу Шадыева Турсунай**
Окутуучулар тарабынан кышкы сессия боюнча маалыматтар берилди. Ар бир дисциплина боюнча студенттердин жыйынтык баалары чыгарылып, экзамендер жана зачеттордун жыйынтыгы тапшырылды.

Ошондой эле студенттер тарабынан аткарылган **лабораториялык иштер**, **практикалык тапшырмалар** жана **курстук/проекттик иштер** боюнча отчеттор угулду.

Кышкы сессиянын жүрүшүндө айрым студенттердин сабакка катышуусу жана тапшырмаларды өз убагында аткаруусу боюнча маселелер белгиленип, алдыдагы семестрде бул багытта ишти күчөтүү зарылдыгы айтылды.

Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек .О. –Кышкы сессиянын жыйынтыгы боюнча маалымат **эске алынсын**. Ар бир дисциплина боюнча студенттердин **лабораториялык жана проекттик иштеринин сапатын жогорулатуу** боюнча иштер жүргүзүлсүн.

Баары – "Макул", Каршы – Жок, Калыс – Жок.

**2. 2025–2026-окуу жылынын 1-жарым жылдыгы үчүн бөлүмдүн окутуучуларынын отчетторун талкуулоо**

**Угулду:** Бөлүм башчысы – Орозов Максатбек .О.
«Урматтуу кеңешменин катышуучулары! Күн тартибиндеги экинчи каралуучу маселе — **2025–2026-окуу жылынын 1-жарым жылдыгы боюнча бөлүмдүн окутуучуларынын отчетторун талкуулоо**.

Отчеттордо окутуучулардын **окуу жүктөмүнүн аткарылышы**, сабактардын өз убагында өткөрүлүшү, студенттердин **лабораториялык жана практикалык иштеринин аткарылышы**, ошондой эле семестр ичинде жүргүзүлгөн **окуу-усулдук иштер** камтылган.

Ошондуктан ар бир окутуучу өзүнүн 1-жарым жылдыктагы ишмердүүлүгү боюнча кыскача маалымат берип өтсүн. Отчеттордун негизинде жыйынтык чыгарылып, алдыдагы семестрге карата тиешелүү милдеттер белгиленет.»

**Сөзгө чыкты:** окутуучу **Асилбеков Тынчтыкбек** –
«2025–2026-окуу жылынын 1-жарым жылдыгы ичинде окуу планына ылайык сабактар өз убагында өткөрүлүп, окуу жүктөмү толук аткарылды. Студенттердин лабораториялык жана практикалык иштерин аткаруусу көзөмөлдөндү, тапшырмалар белгиленген мөөнөттө тапшырдык. Семестрдин жыйынтыгында дисциплиналар боюнча аралык жана жыйынтык баалоолорду жүргүздүк, тиешелүү отчеттор тапшырылдым.»

**Сөзгө чыкты:** ассистент-стажер **Каримжан кызы Мээрим** – «1-жарым жылдыкта окуу процессине активдүү катышып, практикалык жана лабораториялык иштерди уюштурууга көмөк көрсөтүлдү. Студенттер менен кошумча түшүндүрүү жана консультациялык иштер жүргүзүлүп, алардын билим деңгээлин жогорулатууга багытталган тапшырмалар берилди. Окуу планынын талаптарына ылайык тиешелүү отчеттук материалдар даярдалды жана Режевали к Атыргүлгө тапшырдым.»

**3.Ар түрдүү маселелер:**

**Угулду:** Бөлүм башчысы – Орозов Максатбек .О.
"Урматтуу кеңешменин катышуучулары! Күн тартибиндеги ар түрдүү маселелерге төмөндөгү маселелерди карап чыгуу абзел

**НББП боюнча:**
НББПдагы **аннотациялар** жана **РО (окутуунун натыйжалары)** текшерилип, кайра карап чыгуу жүргүзүлсүү.

**Ачык сабактар жана семинарлар боюнча**
Буга чейин **2 ачык сабак** өткөрүлдүгү маалым . Кийинки айга ачык сабак өткөрүүгө **Асилбеков Тынчтыкбек** жана **Сыдыкова Наргул** даярдануусу зарыл. Ошондой эле мурда **2 окутуучу семинар өткөрүп беришкен**: **Арапова Токтобубу** жана **Абжапар кызы Фарида**.

Ал эми **материалдык-техникалык база боюнча**
Компьютердик класстарды оңдоо иштеринен өткөрүү жана иштебей турган компьютерлерди тиешелүү тартипте **тапшыруу маселеси** каралсын.

**Сөзгө чыкты: окутуучу Шадыева Турсунай – "** Буга чейин 1- жарым жылдыктын УМК, силлабустары каралып текширилген 2-жарым жылдыкка карата атайын шаблондор көрсөтулүп, тиешелүү документтер каралууда жана текшертилүүдө"

**Сөзгө чыкты: инженер программист Мирлан у Калыбек – "** Аудиториялардагы отургучтар жумушчу персоналдардын жардамы тарабынан оңдолуп түздөлдү, жана жакынкы убакта жарабай иштен чыгып калган копьютерлерди билдирүү аркылуу тапшырып берүү каралып жатат"

**Талкууланды:** Кеңешменин катышуучулары ар түрдүү маселелер боюнча өз ой-пикирлерин билдиришти. Алар, негизинен, студенттердин стипендиясын бөлүштүрүү, УМК жана силлабустарды бекитүү, НББПдагы аннотацияларды карап чыгуу, ачык сабактарды өткөрүү жана компьютердик класстарды оңдоо боюнча сунуштар менен бөлүшүштү.

## ТОКТОМ:

**1. Кышкы сессиянын жыйынтыгын талкуулоо жана алдыдагы милдеттер**

Кышкы сессиянын жыйынтыгы эске алынып, студенттердин лабораториялык жана проекттик иштеринин сапатын жогорулатуу боюнча иштер жүргүзүлсүн.

**2. 2025–2026-окуу жылынын 1-жарым жылдыгы үчүн бөлүмдүн окутуучуларынын отчетторун талкуулоо:**

Окутуучулардын отчеттору эске алынып, алдыдагы семестрге тиешелүү милдеттер белгиленсин.

**3. Ар түрдүү маселелер**

УМК, силлабустар, НББП жана ачык сабактар боюнча иштер **текшерилип, бекитилсин**.

Компьютердик класстарды оңдоо жана иштебей турган компьютерлерди тапшыруу **тиешелүү тартипте жүргүзүлсүн**.

Кеңешменин төрагасы : Орозов Максатбек .О.

Катчы : Режевали кызы Атыргүл.